**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**

**ТҮП РАЙОНУ**
**ТҮП АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**

**ТЮПСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА ТЮП**

# Түп айылдык кенешинин XXVIII-чакырылышынын XXIX – сессиясынын ТОКТОМУ

2024-жылдын 20-июну **№ 238** Түп айылы

## Бош калган акча каражатынан бөлүп берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" №123 Мыйзамынын 34-беренесинин 2-пунктун жетекчиликке алып Түп айылдык кеңешинин XXVIII-чакырылышынын 2024-жылдын 19-июнундагы **XXIX** - сессиясы **токтом кылат**:

1. Түп айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин 2024-жылдын 1-январына бош калган акча каражатынан **514 800** сом төмөндөгүдөй бөлүштүрүлсүн:

- Түр айыл аймагынын айыл өкмөтү Түп райондук салык башкармалыгынын алдында 2017-жылдан бери кошумча эсептөөлөрдөн келип түшкөн карыздары жана айып пулдарды төлөп берүүгө - **161 200** сом, анын ичинен:
  1) калктуу конуштардын жерлерине жана айыл чарба багытында болбогон жерлерге мүлк салыгынан чыккан карыз – 52 000 сом;
  2) муниципалдык менчикте турган жайлардын, имараттардын, курулмалардын, жабдуулардын жана техникаларды ижара акысынан чыккан карыз – 14 200 сом;
  3) калктуу пункттардын таштандысын чыгаруу үчүн жыйымдан чыккан карыз – 95 000 сом;
- Кыргыз Республикасынын жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөлдөө министрлигинин Ысык-Көл регионалдык башкармалыгы тарабынан экологияга жана жаратылышка келтирилген зыян үчүн **221 800** сом, анын ичинен 2024-жылдын 26-апрелиндеги Түп айыл өкмөтүнө берген №004997 сандуу сунуштамасынын негизинде 208 800 сом жана 2024-жылдын 3-июнундагы "Укук бузуу жөнүндө иш боюнча жаза чарасын колдонуу жөнүндө" токтомдун №21-03-053-01-1-000176 сандуу протоколунун негизинде 13 000 сом;

- Аксакалдар сотуна материалдык жактан колдоо үчүн – **86 400** сом;
- Кыргыз республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу Союзуна мүчөлүк акы төлөөгө – **15 500** сом;
- 2023-жылдын ичинде 1С-бухгалтерия программасын жүргүзүү үчүн ЖИ А.Кельдибековго болгон карызын төлөөгө – **29 900** сом.

2. Бул токтомдун аткарылышын камсыздоо жана ишке ашыруу жагы Түп айыл өкмөтүнүн башчысы Э.А.Чоркозовго милдеттендирилсин.

**Төрайым** **Орозбекова А.О.**